УДК:9-05

Шакитов Ш.Ш.
*Академик Ж.Алышбаев атындагы Ысык-Көл кооперация институту*

# ЖЕҢИШ ӨЛҮМДӨН КОРКПОГОН ШЕР

Асанаалы карыянын жалгыз чүрпөсү айылдагы балдардан анча деле айырмаланчу эмес. Ошондой болсо да, анын тири мүнөзү, ак көңүл, курбуларына жамандык издебеген, бирөөлөргө колунан келген жардамдарын аябаган, тырышчаак, шамдагай, чыйрак бала болуп чоңойду.

Атасы орто чарба киши эле. Анысына карабай, кулакка тартылаарда малын ортого өткөзүп берип, өзү Ак-Суунун Алмалуу, Арашан куймалары кошулган белчирдеги токой чарбасына жумушчу болуп орношот. Кийинчерээк кулакка тартуунун ашынган кыймылы басаңдаганда кайра келип, жаңыдан уюшулган Отуз-Уул айылындагы «Кызыл-Туу» колхозуна мүчөлүккө өтөт. Мурдатан тааныш эмес токойчулукка караганда малчылык ага жакын эле, колхоздун бир короо коюна ээ болот. Бул мезгилдерде атасы менен кошо жүргөн, иштеген Жумаш эмгекке такшалуунун алгачкы мектебинен өтөт. "Болоор уул богунан" – анын бала чактагы тири мүнөзү жигитчиликке тиешелүү жандуулукка, жигердүүлүккө, улуулардын, колхоз жетекчиси Догазиевдин ишенимдерине алып келди.

Ак-Суу районунун Жолголот, Маман, Отуз-Уул, Үч-Кайнар ж.б. айылдарынан Ата Мекендик согушка катышкандардан азыр жалгыз калган, согуштун жана эмгектин 93 жаштагы ардагери Жакшылыков Кенжебай жердеши, курбусу (экөө тең 1923-ж. туулгандар) Жумаш Асаналиев ж.б. колхоз башкармасы Догазиевдин сунушу менен райондун борбору Теплоключенкадагы трактористтердин курсуна киришет. Алар келечектеги механизаторлор болууга үлгүрбөй, тулку жана коомдук жагынан жетилип, толуп келатканда айылдаштары Алымбаев Ишенбай, Алышбаев Шайдылда, Дүйшеев Салык, Кенжебаев Калый, Мантикеев Шайкидин, Рысалиев Бексултан ж.б. жоого аттанышты.

Ал кезде биз, И.Анапияев, Ш.Илебаев, К.Исаев, Б.Ишенбаев, Б.Кулубеков, К.Теъизбаев ж.б., көк чырпык минип, көпөлөк кубалаган 6-7 жаштардагы чыт курсактарданбыз.

“Согуш башталды” деген сөздүн маанисин деле анча түшүнбөйбүз. Арабаларды кармап, жандай басып, аталар, агаларды, жөнөтүп жүргөн энелер, жеңелердин тыйылбаган көз жаштарынан гана аз-аз баамдачубуз. Алардын колхоздогу жүгүн кары-картаңдар, аялдар, жаш балдар көтөрүп калабыз деп ким ойлоптур?

Фронтто согуш, оорукта эмгек кайнаган учур. Төкөр, бүкүр, сокур, мунжу, шинелдери, бут кийимдери жыртык, сакал-муруту саксайган, жүдөгөн жоокерлер айлыбызга келе баштады. Көрсө, алар согушта жарадар болгондор экен.

Барар, багар жери жокторду айылдагы тыңыраак үйлөргө бөлүштүрүп, утурумдук жашап турушуна  шарттар ошондой түзүлүптүр. Тигилер кыргызча биз орусча түшүнбөйбүз. Анткен менен кыймыл-аракентинен, мамилелеринен сөз эмнелер жөнүндө жүрүп жатканын баамдачубуз. Эки сөзүнүн бири эле «Фронт», «Тыл», «Фашизм», «Сталин» болучу.

Колхоздун короосуна ташылган эгиндерди кыштатат саман-топондон молотилка ажыратып чыгуучу. Ошол самандан отту улуу жагып, күлүнө картошка көөмп, чала-күйүк жешкенине, отту каай бири бирин түртүшкөнүнө таңданчубуз.

Согуш учурундагы  почточулар атчан жүрүшчү. Районго барып, кат-кабарларды ж.б. айылга алып келишчү. Көргөндө эле балдар чымын-куюн болушуп, кайдан-жайдан чогулушуп, почточуга жетип барышчу:

- Чоң ата, бизге кат барбы?

- Болсо, балдарым, силерден кантип жашырайын!

Бүгүн болбосо, эртеси эки жумадан кийин кат алган балдар сүйүнүшөт, албагандары күйүнүшөт, мурунду шор тартып, күнөөлүдөй жер карашып, ыңдыны өчүп калчу.

Почточунун балдардан жашырган жагы деле бар экен. «Кара кагаздарды» балдарга карматпай, эстүү башчыларга тапшырчу. Алар «Ак-Суунун башы жошо бол, атаң өлүп калыптыр, эмне болсоң ошо бол!» дебестен, элдин башына түшкөн алааматты айландырып келип, жоошкотуп, анан гана трагедияны угузчу. Ал күнү айылдын муң-кайгысы көбөйүп кетчү. Кечээ бул үйдө, бүгүн тигил үйдө өкүрүк, ызы-чуу чыгып, ый, айрыкча, өспүрүмдөр, энелер, женелердин ыйлары басылчу эмес. Алакандай, чакан айыл Отуз-Уулдан эле Ата-Мекендик согушта дайынсыз жоголгондор жана курман болгондордун саны алтымышка жетет. Алардын арасында агам Токтогул Ибраев (ага-ининин балдарыбыз), Советтер Союзунун батыры Ж.Асаналиев да бар.

Комсомолдун мүчөсү Ж.Асаналиев Кызыл Армияга 1942-ж. чакырылат. Күжүрмөн, зарыл даярдыктардан кийин ал гвардиялык 67-аткычтар дивизясынын 199-полкунда пулеметчунун милдетин аткарган. 1944–жылы 24—июнунда Батыш Двина (Белорус) дайрасынан советтик жоокерлер чабуул коюп, Лобейка кыштагынан өткөндө Жумаш менен фашисттер ээлеген жээкке биринчи чыгат; батальондун оң жагынан ылайыктуу орун алып, душмандын чабуулуна каршы салгылашат. Пулеметту тейлөөчүлөрдүн бардыгы катардан чыгып, Ж.Асаналиев жалгыз калат. Фашисттер кутурган иттей жулунуп, улам жакындаганда шер акыркы гранатасын жардырат. Натыйжада, тегеректеп келаткан эки буттуу жырткычтар кырылат, өзү да курман болот. Бул жолку салгылашта гитлерчилер жоготууга учурашса да, жыйынтыгында көптүк кылып кетишет. Ж.Асаналиев жалгыз калганы аз келгенсип, ок-дарысы да түгөндү. Психологиялык мындай оор шартта эр жүрөк жоокер фашисттердин туткуну болгуча өз жанын өзү кыйып, жоокердик патриотизмдин эң жогорку үлгүсүн көрсөттү.

Өз жанын өзү кыйгандар азыр да кездешет. Алардын айрым себептери: баласынын тартипсиздигине эне-аталардын үнүн көтөрө сүйлөп койгондугу; же эне-аталардын курулай жемелөөсү («акылдуу ката кетирсе, өзүн жемелейт, акылсыз ката кетирсе үй-бүлөсүн жемелейт»), жолугушууга сүйгөнү келбей калгандыгы, оорчулукка чыдабоо, ызалануу, кызгануу ж.б.

Ж.Асаналиевдин патриотизми менен азыркы жан кыюлардын асман менен жердей айырмасы бар: биринчиси Улуу жеңишти улам жакындатууга кошкон патриотизм, экинчилери, эси жоктуктун, турмушта кезигүүчү утурумдук майда-барат кыйынчылыктарга туруштук бере албастыгын, моралдык, психологиялык такшалуудан өтпөгөндүктүн, жеңил ойлуулуктун, жакындарын азапка салып кеткен куураган патриотизм.

Бүгүнкү жаштар Советтер Союзунун Баатырларынын баскан жолу менен тааныша жүрүшсө, жагымсыз фактылар менен күрөшүүдө чыңалып, максаттарды алыска коюп эли-жерине кызмат кылышса, балким, суицидди бара-бара жеңип чыгышмак.

Жердештери Абдраимов Шайымбет, Акматбеков Дуңганбай, Бекболотов райымбек, Жакшылыков Алакуш, Жакшылыков Садыбакас, Жакшылыков Кенжебай, Жорупов Үркөр, Кекеев Акынбек, Курманов Бекташ, Сагынаев Эшей, Сартбаев Касей, Түлкүев Сатыбалды, Чокоев Сабиттин ж.б. эли-жерине аман-эсен кайтып, тирүүчүлүктүн бактысына баш кошу тагдыры Жумашка буюрбады. Болгону 21 жыл жашап, жашында жайрады. Бир мүчөлүн алып койсо сегиз, андан согуштагы жылын чыгарса, 6 гана жашы калат. Бирок, Ж.Асаналиев өз өмүрүндө кылымдап жашай берүчү из калтырды, ал өзүнүн жалтанбастыгы, эрки, кайраттуулугу, эли–жери,

Мекенин бекем сүйгөндүгү, алардан кан–жанын аябагандыгы үчүн Советтер Союзунун Баатыры наамына татыктуу болду. Көп эле наамдар бар. Алардын кайсынысы Советтер Союзунунун Баатыры, Социалисттик Эмгектин батыры, Советтер Союзунун Генералиссимусу, Советтер Союзунун артисти, Лениндик сыйлыктын лауреаты наамдарына тең келалат болду экен?!

Ж.Асаналиевдин экинчи өмүрү окуу китептерде, Улуу Ата Мекендик согуштун тарыхында, илимий адабияттарда, энциклопедияларда, музейлерде ж.б. чагылып келатат. Анын музейи да Ак-Суу районунун Ж.Асаналиев атындагы Үч-Кайнар орто мектебинде ачылган. Музейди жасалгалоо идеясы 1970-жылдарга таандык.

Асанаалы аксакалдан алынып, музейге коё турган анчалык баалуу буюм деле калбаптыр. Баласы Советтер Союзунун Батыры болот деп ким ойлоптур.

Отуз-Уул, Үч-Кайнар айылдарынан Ата Мекендик согушка катышкандардын маалыматтары такталып, портреттери алкакталып, музейге илинди, Ж.Асаналиевдин көлөмдүү портрети тартылды, бюсту орнотулду. Мектептин ал кездеги директору Иманкулов Бекболоттун демилгеси менен 9-10-класстын окуучулары К.Молдуракова, З.Тойтиевалардан ж.б. түзүлгөн делегация 1975-ж. Белоруссияда болушуп, согуш талаасынан казылып алынган баалуу экспонаттарды алып келишкен. Алардын ичинен музейге келгендери төмөнкүлөр өтө кызыктырат:

- Ж.Асаналиевдин Белоруссиядагы бейитинен алынган топурак;
- тапанча – бирөө, тапанчанын, коргошундун сыныгы – бирден;
- ачкыч, мискей, - бирден;
- курал-жарактардын калдыктарынан – он.

Булардан тышкары, Ж.Асаналиевдин жоокердик кийимдери:

- баш кийими, шымы, куру, папкасы – бирден;
- костюму – экөө;
- жүз аарчылар – төртөө ж.б.

Музейдин экспонаттары согуш жана эмгектин ардагерлеринин орден, медалдары, сүрөттөрү; Советтер Союзунун батыры жөнүндө Ж.Асаналиевге берилген күбөлүк, ага тиешелүү ж.б. материалдар.

Музейден пикирлер жана сунуштарды жазуу китеби дагы орун алган. Ал 1985-жылдын 9-майынан бери иштеп келет. Музейге келгендердин курамы:

- мектеп директору, мугалимдер – 28,
- мектептин бүтүрүүчүлөрү – 23,
- окуучулар - 15,
- ардагерлер – 12,
- комсомол кызматкерлери – 5,
- Белоруссиянын КРдагы элчиси – 2,
- илимпоздор – 2,
- врачтар – 2,
- музей кызматкерлери – 2,
- автосүйүүчүлөр коомунан – 2,
- облспорт комитетинен – 1,
- СССР спортунун чебери – 1,
- обладминистрациядан – 1,

Бардыгы:- 96.

Жогорудагы цифралардан музейге келгендердин активдүүлүгү ар башка экендиги көрүнүп турат. Музей - маданияттын бир борбору, ага маданияттуу мамиле керек.

Пикирлердин типтүүлөрүнөн кыстара кетели.

Октябрь орто мектебинин директору Г.Бейшеналиева: «Музейди көрүп чыгып, биздин турмуш үчүн өмүрүн кыйган жердештериме сыймыктанам, экинчиси – көзүмөн жаш таамып турат. Музей – мектептин мугалимдеринин зор эмгеги. Аларга чоң-чоң рахмат айтамын!

9-май, 1985».

«Г.Майнулов, ветеран войны и труда; участник автомотопробега по городам Средней Азии, Сибири и Дальнего Востока; испытатель Луцкого автозавода. Автолюбитель г.Симферополь выражает благодарность преподавателям и ученикам школы в создании музея памяти их земляка, Героя Советского Союза Ж.Асаналиева

1-март, 1986».

К.Канаев, мектептин бүтүрүүчүсү, СССР спортунун чебери: «Ж.Асаналиевдин жыл сайын өткөрүлүүчү байгесине катышам жана баатырдын наамын булгабоого аракеттенемин.

1986-жыл ».

С.Абдрахманов, Фрунзедеги политехникалык институтунун доценти: «Баатырдын баскан жолу. Жаш муундарга патриоттук тарбия берип жаткан педагогдорго ийгиликтерди каалайм

9-май 1987».

А.Турдакунова, учитель сш. Мичурина:

«Не зная прошлого, невозможно оценить настоящее, сберечь его для будущего. Создание музея поможет в формировании Человека. Такой музей смогли создать люди с большой душой и щедрым сердцем, настоящие земляки Ж.Асаналиева».

В.А. Дениско, Чрезвычайный и Полномочный Посол республики Беларусь в Кыргызской Республике: «Для меня огромная честь посетить Родину Джумаша Асаналиева – Героя Советского Союза, отдавшего жизнь за освобождение моей Родины – Республики Беларусь. Белорусский народ всегда будет помнить этот подвиг. Эти невидимые нити связывают наши братские народы. Уверен, что наши дружеские связи будут и в дальнейшем развиваться во имя мира, добра и процветания».

Элчи мектепке эки жолу келди (12.05.2012, 21.05.2014) куру кол келбеди: мектепке 2 телевизор, 2 компьютер, 2 принтер тапшырып, 15 миң сом, жылуу сөздөрүн арнады.

Р.Борбукеева, КРнын өкмөтүнүн Ысык-Көл облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнүн орун басары: «Эр жүрөк абанын артында эли бар, ал эч качан унутулбайт. Аны даңазалоо – негизги милдетибиз, - чын ниеттен колдоо көрсөтүүнү колго алуу керек.

21-май, 2014».

Бирок, негизинен, моралдык жардамдар болуп жатса да, материалдык, финансылык жардамдар анча деле байкалбайт.

Р.Чогулдуров, мектептин директору: «Районубуз боюнча жалгыз Баатыр атабыз Асаналиев. 69 жыл бою атабыз биз менен бирге жашаш келет. Атабыздын эрдиги ар бирибиздин жүрөгүбүздө жашай берсин!

30-январь, 2014».

Каалоолор, негизинен, окшош:

Мектепте, мугалимдерге ийгиликтер, ден соолук тилөө менен бирге музейди уюштургандардын баарына айрыкча, Б.Иманкуловго, Т.Өмүркожоев, С.Орозобаев, С.Жаркынбаев, Ш.Молдотаеваларга ж.б. алкыш айтышат; мындан ары музей өнүгүп, экспонаттары көбөйүп, элдик музейге айлансын; музейди көрүүчүлөрдүн саны көбөйө берсин!

Көрүүчүлөрдүн саны токсон алтыдан көбүрөөк болмок, алардын айрымдары пикирлерин жазып калтырбаган.

Күчкө толуп турган айрым жигиттерибиз азыр эллин эмес, өзүн, үй-бүлөсүн бага албай, аракеч болуп жүрүшөт. Ж.Асаналиевге Баатыр наамы берилгенден кийин анын атасы Асанаалыга, энеси Секелейге 250+250 сом пенсия чектелген. Алар муну көз жумганча пайдаланды. Ал кезде айылдык карыялар пенсия алышчу эмес. Кийинчерээк

алардын пенсиясы 15-20 сомдон башталды. Өзү курман болсо да, Жумаш эне-атасын 500 сом менен бакты. Эми болсо Баатыр элине рухий азыктарды берип жатат.